**Кыргыз тили**

**4-класс**

***1-чейрек***

**№1.** Кайсынысы жазуу кебине кирет?

*Бир туура жоопту белгиле.*

а) ырды көркөм айтуу

б) радиодон жомок угуу

в) телефондо сүйлөшүү

г) телефон аркылуу жиберилген куттуктоо

**№2.** Берилгендердин кайсынысы текст болот?

*Бир туура жоопту белгиле.*

а) Саламатсыңарбы, балдар? Жакында каникул башталат. Тапшырманы убагында аткар!

б) Бул калың токой. Токойдо карагат көп. Ошондуктан, аны карагайлуу токой деп коюшат.

в) Июнь айы. Касым бутактагы уяны көрдү. Канаттууларга аяр мамиле жасаганды билгиле!

г) Канат футболго катышат. Жакында бороон башталат. Ден соолугуңду жакшы кара.

**№3.** Берилген ыр саптарын окуп чык. Аларды ирээти менен жайгаштырып текст түз.
Катар иретин төмөнкү торчолорго жазып көрсөт.

*1. Кулпунуп туруп таранса*

*2. Баатырдык, эрдик жүрөктө*

*3. Балбандын күчү билекте*

*4. Куштун көркү түнөктө*

| | | | |
|---|---|---|---|

**№4.** Сүрөттү кара. Ойдун негизин жана жыйынтыгын чагылдырып ой жүгүртүүчү текст түзүп жаз.

| | |
|---|---|
|  | Жаратылыш биздин байлыгыбыз!<br>____________________<br>____________________<br>____________________<br>Анткени, бизди курчап турган жандуу жана жансыз жаратылышсыз жашоо мүмкүн эмес.<br>____________________<br>____________________<br>____________________ |

**№5.** Текст деген эмне?

*Бир туура жоопту белгиле.*

а) Текст – бул беш-алты сүйлөмдөрдөн турат.

б) Текст – бул мааниси боюнча байланышкан сөз же сөздөрдүн тизмеги.

в) Текст – бул бир нече сүйлөмдөрдүн жыйындысы.

г) Текст – бул белгилүү бир тартипте мааниси боюнча байланышкан сүйлөмдөрдүн тизмеги.

**№6.** Оку. Кайсы сөз айкаштарында негизги сөздүн асты туура эмес сызылган?
*Бир туура жоопту белгиле.*

а) дептерге жаз
б) алма кызыл
в) суудай суюк
г) биринчи жолугушуу

**№7.** Сүйлөмдү оку. Сүйлөм мүчөлөрү боюнча талдоо жүргүзүп, бир туура жоопту белгиле.
*Илгери оорулуу адам кумурсканын уюгуна түнөчү экен.*

а) ээ + айкындооч + айкындооч + баяндооч + баяндооч
б) айкындооч + айкындооч + ээ + айкындооч + айкындооч + баяндооч
в) айкындооч + ээ + айкындооч + айкындооч + баяндооч
г) айкындооч + ээ + айкындооч + ээ+ баяндооч + баяндооч

**№8.** Сүйлөмдөрдү оку жана баш мүчөлөрдөн турган сөз айкашын белгиле.
*Асманда жаркылдаган жылдыздар ары-бери учушат.*

а) асманда учушат
б) ары-бери учушат
в) жаркылдаган жылдыздар
г) жылдыздар учушат

**№9.** Сүрөт боюнча бир өңчөй мүчөлүү жайылма сүйлөм түзүп жаз.



______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________

**№10.** Сүйлөмдөрдү оку. Ар бир сүйлөмгө кайсы тыныш(?,!.) белгилери коюлушу керек? Керектүү тыныш белгилерди коюп, көчүрүп жаз.

*Коёндун ийини терең казылып көп сандаган тешикчелери болот курт-кумурскалардын сезүү органдары ар кандайбы эх кандай сонун эртең Японияга эс алууга кетебиз*

______________________________
______________________________
______________________________